КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
ФРУНЗЕНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

# ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

**2026-жылдын 23-январь №78** **Чалдовар айыл**

**5 га жайыт жеринин категориясынан “Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка багыттагы” түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 14-16,20 беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665 токтому менен бекитилген «Жер участокторун которуунун (трансформациялоонун) тартиби жөнүндө» жобонун негизинде, Кыргыз Республикасынын улуттуук коопсуздук мамлекеттик комитетинин чек ара кызматына жер тилке бөлүп берүү жөнүндө, айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Т.Ашыкеевдин маалыматын угуп, талкуулап, Фрунзе айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Фрунзе айыл аймагындагы “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан №94 жана №834 контурундагы 5га жер тилкесин “Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка багыттагы” түрүнө которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2.Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Чүй — Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Фрунзе айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Ашыкеевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Дюшалиев М.К.**